# Чындыгында, Аллах силердин келбетиңерге жана байлыгыңарга карабайт, бирок жүрөгүңөргө жана иш-аракетиңерге карайт

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Чындыгында, Аллах силердин келбетиңерге жана байлыгыңарга карабайт, бирок жүрөгүңөргө жана иш-аракетиңерге карайт».
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Аллах Тааланын пенделеринин келбеттерине, алардын денелерине, алар сулуубу же сулуу эмесби, бул чоңбу же кичинеби, же ден соолугу тазабы же оорулуубу? - деп карабай турганын баяндады. Жана Аллах алардын акчасынын аз же көп экендигине карабайт. Аллах Таала пенделерин бул иштерден жана алардагы айырмачылыктары үчүн аларды азаптабайт. Бирок Аллах алардын жүрөктөрүнө жана жүрөктөрүндөгү такыбалыкка, ишеничке, чынчылдыкка, ыкластуулукка, же жоро көрсүн жана эл уксун деген максатына карайт.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/4555